# АДИСТЕРДИ КЕСИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ ИНСТИТУТУ

Адистерди кесиптик өнүктүрүү институту Бекмамат Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде 2022-жылынын 30-июнунда түзүлгөн.

Институттун миссиясы:

Кесиптик ишмердүүлүк деңгээлин арттыруу үчүн талаптардын жогорулашына жана кесиптик маселелерди чечүү үчүн заманбап ыкмаларды өздөштүрүү зарылдыгына ылайык теориялык жана практикалык билимдерди жаңылоо мүмкүнчүлүгүн ачуу.

Милдеттери:

- билим берүү, илим, техника жана маданият, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу ж.б. тармактардагы адистерде жетишкендиктерди жана инновациялык компетенцияларды калыптандыруу, алардын заман талабына ылайык керектөөлөрүн канааттандыруу;
- Кыргыз Республикасынын кесипкөй кызматкерлерин даярдоо, алардын эл аралык рыноктордо атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу;
- кошумча кесиптик билим берүү адамдын интеллектуалдык, руханий жана кесипкөйлүк сапаттарын ар тараптуу арттырууга жана бул багыттагы муктаждыктарын канааттандырууга багытталган;

Учурда билим алуу процессинде адисттерде болгон кесиптик көндүмдөр тез өзүнүн актуалдуулугун жоготуп баратат. Ошондуктан квалификацияны жогорулатуу кесиптик өсүүнүн жана карьералык өнүгүүнүн маанилүү элементтери катары каралат. Биздин институт адистерге жаңы технологиялык, заманбап методикалык билим, ык, тажрыйба, көндүмдөрдүн бийиктиктеринде болууга жардам берет жана алардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатат.

Квалификацияны жогорулатуу - социалдык мааниге ээ. Бүгүнкү кесипкөй - өлкөнүн экономикасынын туруктуу иштешин жана өнүгүшүн камсыз кылган, дүйнөлүк аренада атаандаштыкка жөндөмдүү, квалификациялуу кызматкерлер, анын ичинде педагогдор жана башкаруу чөйрөсүндөгү адистер. Ошондуктан, адистердин жаңы көндүмдөргө ээ болуусу, технологияларды жана методикаларды өздөштүрүүсү, республикалык жана эл аралык сынактарга, социалдык жана программалык долбоорлорго катышуусу үчүн биздин институтта квалификацияны жогорулатуу боюнча бир нече заманбап программалар түзүлүп, иштеп жатат.